**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**

**ЖАЙЫЛ РАЙОНУ**
**ТАЛДЫ-БУЛАК**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**ЖАЙЫЛСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ТАЛДЫ-БУЛАКСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

10.02. **2026-ж.** **№** 9 Сосновка а

## Талды-Булак айыл аймагындагы Бекитай айылында жайгашкан убактылуу мал базарда акы төлөнүүчү кызматтарга бааларды жана тарифтерди бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын ”Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Антимонополиялык жөнгө салуу кызматынын ченемдик актыларына ылайык , Талды-Булак айыл өкмөтүнүн расмий сунушунун негизинде Талды-Булак айыл аймагындагы Бекитай айылында жайгашкан мал базарда акы төлөнүүчү кызматтарга бааларды жана тарифтерди бекитүү жөнүндө талкуулап, Талды-Булак айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1.Талды-Булак айыл аймагынын административдик чегинде жайгашкан убактылуу мал базарында малды сатуу, кармоо жана тейлөө боюнча көрсөтүлүүчү кызматтарга, коомдук тамактануу объекттерине, ошондой эле транспорт каражаттарын киргизүү, чыгаруу жана токтотуу кызматтарына баалар жана тарифтер №1 тиркемеге ылайык бекитилсин .
2.Бекитилген тарифтер мал базардын администрациясы тарабынан өзөртүүсүз жана бирдиктүү тартипте колдонулууга тийиш.
3.Мал базарда көрсөтүлүүчү кызматтар үчүн төлөмдөр кассалык аппараттар же накталай эмес эсептешүүлөр аркылуу кабыл алынсын . Документсиз акча чогултууга тыюу салынсын .
4.Мал базарынын администрациясы тарифтердин толук чогултулушун, түшкөн каражаттардын эсепке алынышын жана ай сайын айыл өкмөтүнө финансылык отчёт берүүнү камсыз кылсын.
5.Бул токтом менен бекитилген баалар жана тарифтер убактылуу мүнөзгө ээ болуп саналсын жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Антимонополиялык жөнгө салуу кызматы менен макулдашуу алынганга чейин колдонулсун.
6.Талды-Булак айыл өкмөтү ушул токтом күчүнө кирген күндөн тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде Антимонополиялык жөнгө салуу кызматына тарифтерди макулдашуу учун документтерди милдеттүү түрдө тапшырсын .

7.Белгиленген мөөнөттө Антимонополиялык жөнгө салуу кызматынын макулдашуусу алынбаган учурда ушул токтом менен бекитилген тарифтердин колдонулушу автоматтык түрдө токтотулсун .
8.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Талды-Булак айыл өкмөтүнө жана айылдык кеңештин тиешелүү туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Таркатылсын: иш-кагаздарына, айыл өкмөтүнө

Төрага С.Т.Темирбеков

Талды-Булак айылдык кеңешинин
2026-жылдын 30-январындагы
№9 токтомуна тиркеме

**Талды-Булак айыл аймагындагы Бекитай айылында жайгашкан убактылуу мал базарда
акы төлөнүүчү кызматтарга бааларды жана тарифтерди бекитүү
ПРЕЙСКУРАНТЫ**

| № | Кызматтын аталышы | Көлөмү | Акы төлөмү-сом | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кой, эчки | 1 даана | 30 сом | |
| 2 | Бодо мал үчүн | 1 даана | 70 сом | |
| 3 | Жылкылар үчүн | 1 даана | 70 сом | |
| 4 | Соода максаттары үчүн чекене соода түйүндөрү | 1м² | 120 сом | ар бир базар күнү |
| 5 | Унаа токтотуучу жайлар:<br>-чоң машина үчүн<br>-жеңил машина үчүн | 1 даана<br>1 даана | 50 сом<br>20 сом | |
| 6 | Базар ичине унаа менен ар бир кирүү үчүн:<br>- чоң машина үчүн<br>- оор жук таашуучу машина үчүн<br>- жеңил машина | 1 даана<br>1 даана<br>1 даана | 100 сом<br>200 сом<br>50 сом | Чон машиналар салмагы 3 тоннага чейин<br>Оор жүк ташуучу машиналарга салмагы 5 тоннадан жогорулар кирет<br>Женил машиналар салмагы 1,5 тоннага чейин |
| 7 | Даараткана | 1 адамга | 10 сом | |
| 8 | Чөп саткандар үчүн: | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | чоң машина үчүн | 1 машина | сом | Чон машиналар салмагы 3 тоннага чейин |
| | ор жук таашуучу машина үчүн | 1 машина | сом | Оор жүк ташуучу машиналарга салмагы 5 тоннадан жогорулар кирет |
| | Уй канаттууларын саткандар үчүн | | 100 сом | |

Жооптуу катчы А.Т.Юсупова